**ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**
**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**
**Ч.АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ**

Д.10.11.029. ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ

Кол жазма укугунда
**УДК: 894.341(575.2)(043.3)**

**УСТАБАЕВА ГҮЛНАР КАРЫПБЕКОВНА**

# К.АРТЫКБАЕВДИН АДАБИЙ-СЫНЧЫЛЫК ЧЕБЕРЧИЛИГИ

10.01.01 – кыргыз адабияты

Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын

## АВТОРЕФЕРАТЫ

**БИШКЕК - 2013**

**Диссертациялык иш Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин кыргыз адабияты кафедрасында аткарылды.**

**Илимий жетекчиси:** филология илимдеринин кандидаты, профессор
**Абдыразаков Абдыкерим**

**Расмий оппоненттер:** филология илимдеринин доктору, профессор
**Ибраимов Осмонакун**

филология илимдеринин кандидаты
**Сабитова Элмира**

**Жетекөөчү мекеме:** С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин кыргыз адабияты кафедрасы, дареги: Нарын шаары, С.Орозбак көчөсү, 25

Диссертациялык иш 2013-жылдын “_____”______________саат____дө Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети менен КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды коргоо боюнча түзүлгөн Д.10.11.029 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот. Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а.

Диссертациялык иш менен Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук унивеситетинин илимий китепканасынан таанышууга болот, дареги: Бишкек шаары, Фрунзе көчөсү, 547.

Автореферат 2013-жылдын “___”_____________ таратылды.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы,
филология илимдеринин кандидаты,
доцент **Кадырмамбетова А.К.**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

Көрүнүктүү адабият жана адабият сынчысы К.Артыкбаев коомдогу жана адабият илиминдеги актуалдуу маселелерди көтөрүп, алардын туура чечилишине демилгечи болуп келген. Натыйжада К.Артыкбаев көтөргөн адабият маселелери боюнча талаш-тартыштар жаралып, алар акыры адилет, туура чечилүүгө чейин жетсе, коомдук

актуалдуу маселелерди көтөргөн публицистикалык эмгектери да мезгил талабына дал келип турган.

Ал тынымсыз иштеген, изденген илимпоз болгондуктан 2003-2006-жылдар аралыгында эле 200 басма табак көлөмгө жакын окуу китептерин, окуу куралдарын, адабий изилдөө, адабий сын китептерин чыгарууга жетишкен. «Чалгын», «Изденүүлөр жана табылгалар», «Сын сапары», «Чыгармалар жана ойлор», «Мезгил элестери», «Тандалмалар», «Акыйкат сабагы», «Талант сыры», «Аалы Токомбаев», «Ж.Баласагын жана М.Кашгардын мурастары», «Ж.Баласагын жөнүндө баян», «Мамлекеттик тилдин маселелери», «ХХ кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы», «Бүтпөгөн күрөш баяны» ж.б. адабий-сын макалалар жыйнагынын, окуу китептеринин автору болуп, адабиятчы, сынчы, илимпоз-педагог, публицист, акын, котормочу ж.б. катары таанылган. Анын мындай эмгекчилдигин Кыргыз Республикасынын Баатыры, Эл акыны С.Эралиев 2006-жылы 13-октябрда «Эркин Тоо» газетасына жарыяланган макласында «Кыргыз адабиятынын саяпкери» деп мүнөздөгөн [138].

Илимпоз сынчынын көп кырдуу мурасын төмөндөгүдөй багыттарга бөлүп кароону ылайык көрдүк.

1. К.Артыкбаевдин адабий-сын эмгектери тууралуу айтылган ой-пикирлер.
2. «Кыргыз совет адабиятынын тарыхы» (1982), «ХХ кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы» (2004) окуу китептери жөнүндөгү ой-пикирлер.
3. К.Артыкбаевдин жалпы чыгармачылгы тууралуу обзор түрүндөгү макалалар.
4. К.Артыкбаевдин акындык өнөрүнө карата берилген баалар, сын-пикирлер.

Бизден мурда бул багытта илимий изилдөө иши белгилүү адабиятчы, сынчы С.Карымшаков тарабынан колго алынып, ал 2002-жылы «К.Артыкбаевдин илимий-сынчылык ишмерлиги» аттуу кандидаттык диссертациясын коргоп, 2001-жылы ушундай эле аталыштагы монографиясын жарыкка чыгарган.

Бирок, К.Артыкбаевдин жогоруда белгиленген багыттагы эмгектери анын адабий-сынчылык ишмердигин дагы тереңдетип изилдөөгө татыктуу объект болуп берет деген ишенимдебиз.

К.Артыкбаев адабияттагы актуалдуу, проблемалуу маселелерди көтөрүп, бир канча талкуулардын жаралышына себепчи болуп келген. Ошол талкуулардын оң-терс жактарын иликтеп, өз алдыбызча илимий жыйынтык чыгаруу зарылчылыгынан бул маселени 1- главада изилдөөгө аракеттендик.

Ал турмуштагы көгөйлүү проблемаларды да көтөрүп, кеңири коомчулуктун көңүлүн буруу менен 1956-жылдан бери публицист катары таанылган. Бул өзгөчөлүк алгачкы макалаларынан тартып, мамлекеттик

тил жөнүндөгү макалаларына чейин өсүп жетилгендигин 2-главада карадык.

Демек, К.Артыкбаевдин полемикалык адабий сын макалалары менен публицистикалык эмгектерин изилдөөгө алуу ***теманын актуалдуулугун*** аныктайт

**Диссертациянын темасынын илимий программалар менен болгон байланышы.** Илимий иштин темасы Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин кыргыз филологиясы факультетинин кыргыз адабияты кафедрасынын илимий-изилдөө иштеринин тематикалык планы менен дал келет.

***Изилдөөнүн максаты.*** К.Артыкбаевдин адабий сындын, адабият таануунун өнүгүшү үчүн өтөгөн эмгектери жөнүндө белгилүү адабиятчылар, окумуштуулар: А.Садыков, К.Асаналиев, К.Иманалиев, С.Закиров, С.Карымшаков, Л.Үкүбаева, К.Байжигитов ж.б. ой-пикирлерин жарыялап келишкен. Ошону менен бирге К.Артыкбаев көтөрүп чыккан адабият маселелери боюнча талкууга катышкан, адабиятчылардын да макалалары бир кыйла. Мына ошол ой-пикирлерге таянуу менен К.Артыкбаев чебер полемист-сынчы экенин талдоого аракеттендик. К.Артыкбаевдин талаш-тартыштуу макалалары аркылуу адабиятта кандай олуттуу маселелер чечилгендигин илимий өңүттөн далилдөө, ошону менен бирге окумуштуунун публицисттик чыгармачылыгын ар тараптан изилдөө ишибиздин максаты болду.

***Изилдөөнүн милдети***:

- К.Артыкбаев талаш-тартыштуу сын макалаларында ал көтөргөн маселелердин актуалдуулугун жана проблемалуулугун, көз караштарынын обьективдүүлүгүн далилдөө;
- Айтуучу-манасчы, жаратуучу-манасчы, жазгыч-манасчы ж.б.у.с көтөрүп чыккан проблемаларынын негизинде анын полемист-сынчылык чеберчилигин көрсөтүү;
- Кыргыз адабиятындагы реализм методунун кантип, кандайча жаралганын далилдөөдөгү аргументтерин талдап чыгуу;
- Көйгөйлүү маселелер тууралуу коомдук пикир түзө билген коомдук ишмердигин, андай маселелердин чечилишине кошкон салымын ачып көрсөтүү;
- Мамлекеттик тил жана коомдук турмушубуздун азыркы жана келечектеги абалы жөнүндө жазган макалаларынын актуалдуулугун белгилөө.

***Илимий иштин жаңылыгы.*** К.Артыкбаев көп тармактуу жанрда иштеген окумуштуу, сынчы, публицисттерден болсо да, талаш-тартыштарды жараткан полемикалуу макалалары атайы изилдөөгө алына элек болучу.

Ошондуктан, биз биринчиден, анын талаш-тартыштарды пайда кылган макалаларын азыркы көз караштардын деңгээлинен аңдап чыгууга аракеттендик.

Экинчиден, публицистикалык макалаларында заманбап проблемаларды көтөрүп, коомдук сын пикирлерди жарата алгандыгы, о.э. талаш-тартышуу маселелердин ажатын ачып берүүдөгү чечкиндүүлүгү да буга чейин атайы изилдөөгө алынган эмес. Окумуштуунун мына ушундай багыттагы ишмердиги тууралуу изилдөө жүргүзүү **иштин жаңылыгы** деген ишенимдебиз.

***Иштин практикалык мааниси***. К.Артыкбаевдин адабий-сынчылык, публицисттик ишмердигине байланыштуу жазылган ишибизди орто мектептин окуучулары, мугалимдери жана жогорку окуу жайларынын окутуучулары, аспиранттары менен студенттери кыргыз адабий сынынын тарыхын үйрөнүүдө пайдалана алышат.

***Коргоого коюлуучу негизги жоболор:***

- К.Артыкбаевдин алгачкы адабий сын макаларынан тарта байыркы жана орто кылымдагы адабий мурас маселесин козгогон эмгектеринен, манасчылардын аткаруучулук чеберчилигинен тышкары аларда жаратуучулук өнөрдүн да бар экенин далилдеген макалаларына чейин ал күжүрмөн полемист-сынчы экени белгиленген.
- К.Артыкбаевдин кыргыз адабиятында реалисттик методдун жаралышы жөнүндөгү ойлору өз учуруна жараша актуалдуу жана объективдүү болгон.
- К.Артыкбаев күн тартибине мамлекеттик тилдин актуалдуу маселелерин курч коюп, коомчулуктун бүйүрүн кызытканы, турмуштун, коомдун, учурдун талабын жакшы билгендиги, байкагычтыгы сынчыл ой жүгүртө алгандыгы менен анын чебер публицист экендиги аныкталган.
- Коомдук турмуштагы олуттуу маселелер жөнүндөгү публицистикалары алардын оң чечилишине көмөк көрсөтүп турган.

***Изилдөөчүнүн жекече салымы:***

- К.Артыкбаевдин алгачкы полемикалуу жазылган жана талкууланып, такташууга жеткен макалаларынын мазмуну изилденип, тийиштүү тыянактар чыгарылды.
- Байыркы жана орто кылымдагы адабият үлгүлөрүнө кайрылуу менен К.Артыкбаевдин орток делген мурастар барыдан мурда кыргыз элине тийешелүү деген позициясы колдоого алынып, анын көз карашынын тууралыгы тастыкталды.
- Элдик оозеки чыгармачылык менен жазма адабияттын карым-катышы, эпосту айткан, жараткан жана жазгыч манасчылардын өзгөчөлүктөрү тууралуу К.Артыкбаев өз учурунда туура жыйынтыктарды чыгаргандыгы далилиденди.
- Кыргыз адабиятындагы реализм методунун алгачкы белгилери жазма адабиятыбыз жаралып, калыптана баштаган мезгилде эле пайда

болгонун, туңгуч чыгармалардагы өзөктүү окуяларда адам турмушун реалисттик негизде чагылдырып берүү аракеттерине басым жасалган ойлорунун адилеттүүлүгү белгиленди.

- Курч коомдук пикирлерди жараткан публицистикалык эмгектерин изилдөө аркылуу өз учурунда мамлекеттик маанидеги орчундуу маселелердин чечилишине К.Артыкбаевдин салымы өзгөчө экени талдоого алынды.

- Кыргыз адабиятчы, сынчыларынын ичинен мамлекеттик тил маселелерине байма-бай кайрылып, ал боюнча мыйзамдын аткарылбай келатканы үчүн мамлекет жетекчилерин сынга алып, тынымсыз күрөшүп келген окумуштуунун мамлекеттик тил жөнүндө жазган макалалары да талдоодон өттү.

***Иштин апробациясы***. Диссертация Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин кыргыз адабияты кафедрасы жана дүйнөлүк адабияттын тарыхы жана теориясы кафедрасында (№24-токтом, 19.05. 2006-ж), кийин мөөнөтү өтүп кеткендигине байланыштуу Дүйнөлүк адабияттын тарыхы жана теориясы кафедрасы жана кыргыз адабияты кафедрасында (№17 токтом,0 4.04. 2011-ж ), кошумча талкуу К.Карасаев атындагы Бишкек Гуманитардык Унивеситетинин кыргыз адабияты кафедрасында (№17 токтом, 02.06 2011-ж), КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун кыргыз адабтяты бөлүмүндө (№2 токтом, 08.02.13-ж) талкууланган. Диссертациянын негизги маселелери жана тыянактары боюнча республикалык илимий-практикалык конференцияларда баяндамалар жасалган.

***Изилдөөнүн жыйынтыгынын жарыяланышы***.

Диссертациянын негизги мазмуну тарабынан Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин «Вестник» журналынын серияларында жана К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин ”Кыргыз тили жана адабияты” илимий практикалык басылмасында, БГУнун ”Жарчысында” макала түрүндө жарыяланды. Диссертациялык иш боюнча 8 макала жарык көрдү.

***Иштин түзүлүшү жана көлөмү.*** Диссертация киришүүдөн, эки глава, сегиз параграфтан, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

## Диссертациянын негизги мазмуну

**Киришүүдө** теманын актуалдуулугу, изилдөөнүн максаты менен милдеттери, ошондой эле иштин жаңылыгы, практикалык мааниси, коргоого коюлуучу негизги жоболор менен изилдөөчүнүн жеке салымы көрсөтүлүп, иштин апробацияланышы, түзүлүшү жана көлөмү жөнүндө маалымат берилди.

Качкынбай Артыкбаев кыргыз адабиятында бышып жетилген, бирок такталбай келе жаткан талаштуу, “башы ачыла элек” маселелерди өз

учурунда актуалдуу проблема катары күн тартибине коё билген адабиятчы сынчылардан эле. Кезинде ал козгогон маселелердин тегерегинде кызуу талкуулар жаралып, алар кыргыз адабият таануусу менен сынынын өнүгүшүнө олуттуу салымдарын кошкон болчу. **1-главада ушул маселелер каралгандыктан, аны “К.Артыкбаев-полемист-сынчы” деп атадык.**

К.Артыкбаев 50-жылдары университеттин акыркы курсунда окуп жүргөндө эле А.Осмоновдун чыгармачылыгына байланыштуу макалаларды жарыялап, алардын мазмунуна жаңы ойлорду, олуттуу, актуалдуу проблемаларды камтып, маанилүү маселелерди көтөргөндүгү менен айырмаланган. Ал кезде А.Осмоновдун поэзиясы жаш акындарга таасири өтө күчтүү болуп, кээ бир акындар анын поэзиясынын салттарын чыгармачылык менен өздөштүрүүгө жетишсе, кай бир аны супсак тууроодон көтөрүлө албай келаткан. Адабий процесстеги мындай проблеманы К.Артыкбаев 1956-жылы 10-июнда «Ленинчил жаш» газетасына жарыялаган «Жаш акындардын чыгармачылыгындагы А.Осмоновдун таасири жөнүндө» деген макаласы менен алгачкылардан болуп көтөрүп чыккан.

Ошентип, К.Артыкбаев өзүнүн А.Осмоновдун поэзиясын чыгармачылык менен өздөштүрүп жаткан акындар менен бирге анын туткунунда калып келаткан жаштардын чыгармачылыгына биринчилерден болуп көңүл бурган. Ал кездеги жаш сынчы бул олуттуу проблеманы бир эле макала менен чектеп коё алган эмес. Ал козгогон маселесин жаңы факты, аргументтер менен бекемдеп, 1962-жылы «Ала Тоо» журналынын 1-санына «Үйрөнүүбү же тууроobу?» деген макаласын жарыялаган.

Анда жаш акындардын ичинен кай бири Алыкулдагы ойчулдукту билгичтик менен өздөштүрүп жатышса, айрым жаш акындар али кургак тууроочулуктун туткунунан бошоно албай жатышканын аргументтүү далилдеген.

К.Артыкбаев көп өтпөй 1957-жылы «Ала-Тоо» журналынын 6-санына «Алыкул Осмоновдун чыгармачылыгындагы традиция жана новаторлуктун кээ бир маселелери» аттуу көлөмдүү макаласын жарыялайт (Бул макала 1956-жылы К.Артыкбаевдин дипломдук иши катары жазылган – Г.У) Бул олуттуу проблема туралуу ойлорун К.Артыкбаев кийин «Үйрөнүүбү же тууроobу?» [Ала-Тоо. -1962. -№ 1. -95-107-бб.] аттуу макаласында уланткан. Макалада А.Осмоновдун оозеки адабияттан алынган идеяларга жаңыча мазмун сыйдырып иштеп чыгуу менен формаларын да жаңыртып, идеялык-көркөмдүгү бийик чыгармалар жаратканын аргументтүү фактылар менен далилдеп берүү менен, жаш сынчы кыргыз адабият таануусунда биринчиден, поэзиядагы таасир маселесин, экинчиден, салт жана жаңычылдыкты, үчүнчүдөн, жаш акындардан поэзиядагы үйрөнүү менен тууроо маселесиндеги оош-кыйыштарды алгачкылардан болуп көрсөтүүгө белсенген. Мына ушундай

алгачкы кадамдарын улам арбытып, изденүү жолуна чапчаң түшкөн К.Артыкбаевдин кийинки макаласы «Жагымсыз ойлор, жасалма образдар» [Ала-Тоо. -1959. -№1] деп аталып, ал Н.Байтемировдун «Табылган дептер» аттуу повестине курч сын айтуу менен жазылган. Чыгармадагы негизги кемчиликтерди өзгөчө кыргыз интеллигенттеринин ичинен тилчи окумуштууларга орунсуз дооматтар коюлганын автор туура белгилеп, андагы көтөрүлгөн проблема, чагылдырылган идеялар, чыгарманын баш каармандары жагымсыз ойлорду пайда кылып, образдар жасалма жаралганын далилдей алган.

К.Артыкбаевдин дагы бир сынчыл маанайдагы макаласы «Күн менен сарала итте эмне айып?» деп аталып, ал А.Саспаевдин «Сарала ит» жана Т.Акматовдун «Күн болбой куруп кал» аттуу аңгемелерине арналган. Анда турмуш көрүнүштөрү бурмаланып, ал кездеги советтик делген турмуш чындыгына шайкеш келбеген идеясыз натуралисттик пландагы сүрөттөөлөр кездешээрин сынга алган. Макала жандуу талкууну пайда кылып, ал боюнча 1965-жылы 8-9-январда жаш прозачылардын кеңешмеси өтүп, Кыргызстан КП БКнын президиумунда да алар тууралуу советтик турмуш чындыгын бурмалаган чыгарма катары терс бааланган чечим кабыл аланган. Чынында ошол мезгилдин талабына ылайык мындай чыгармалар сынга учурап келгенине, алар терс бааланганын чычалоонун азыр кажети жок.

К.Артыкбаев кыргыз адабиятынын тарыхына көп көңүл буруу менен аны байыртан баштоо керек деген маселени байма-бай көтөрүп келгени тууралуу главанын экинчи параграфында **(«Кыргыз адабиятынын байыркы тарыхы үчүн күрөштүн сынчынын адабий сын макалаларына орун алышы»)** сөз кылууга аракеттендик. Адабиятчы бул маселени «Кыргыз адабияты тууралуу» [Советтик Кыргызстан. -1966. - 8-сент.], андан кийин 1967-жылы 1-январда «Кыргызстан маданияты» газетасына «Адабиятыбыздын алгачкы башатына көз чаптырсак» аттуу макалаларында көтөргөн. Мындай олуттуу позициясы менен ал ошол мезгилде кыргыздын жазуусу, адабияты, маданияты, тарыхы, мамлекети болгон эмес делинген көз карашка каршы чыккан. К.Артыкбаевдин полемист-сынчылык күчү мына ушул маселеде айрыкча көрүнүп, андай маселени козгоо өтө кооптуу болуп турган учурда ал байыртан берки кыргыз адабиятынын тарыхын түзүү зарылдыгын жалтанбастан ачык айтып, өз оюн бекемдей берген.

К.Артыкбаевдин тууралыгын мезгил өзү көрсөттү. Ал ачык айтуу доору келген кезде аталган маселенин таржымалан тастыктаган макалаларды жазып, 1991-жылы ”Жусуп Баласагын жана Махмуд Кашгардын мурастары” атуу окуу куралын, 2004-жылы «Жусуп Баласагын тууралуу баян» деген көлөмдүү китепти түзүп чыгарып, алардын мурастарын орто мектептерде да окуп-үйрөнүү керектигин баса белгилеп, окуу программасына киргизди. 1989-жылы тунгуч университетибизге

Ж.Баласагын атын ыйгаруу идеясын көтөрүп, ал үчүн да К.Артыкбаев 4-5 премьер-министирдин кабыл алуусунда болуп, көптөгөн макалаларды байма-бай жарыялап, акыры бул маселе менен таанышкан президент да 2002-жылы университетке Ж.Баласагындын ысмын коюу боюнча жарлыгын чыгарды. К.Артыкбаев 35 жыл боюу тынымсыз көтөрүп келген бул маселе канчалык адилет болгондугун төмөндөгү жасалган иштерден көрүүгө болот. Маселен, 1995-жылы КР Баатыры скульптор, академик Т.Садыков Бишкек шаарына «Эл куту» копмлексин орнотуп, анын эң башына Ж.Баласагын менен М.Кашкардын айкелин койду. 1997-жылы Жогорку Аттестациялоо Комиссиясы «Кыргызская наука в лицах» аттуу көлөмдүү китеп чыгарып, ага удаа ал кезде КРнын билим берүү министири А.Какеев кыргыз илиминдеги академиктердин сүрөтү менен альбом түзүлүп, аталган эмгектер да М.Кашкар менен Ж.Баласагындын сүрөттөрү, алардын өмүр баянынан маалымат берүү менен ачылды. 1000 сомдук улуттук валютабызда Ж.Баласагындын сүрөтү ысымы менен түшүрүлдү да, Т.Садыков жасаган Ж.Баласагындын айкели университеттин алдына орнотулду. 1998-жылы КМУУда Ж.Баласагын атындагы сыйлык уюштурулуп, К.Артыкбаев биринчилерден болуп көрсөтүлдү д.ж.б.

Ошентип, К.Артыкбаев адабият таанунун актуалдуу маселелеринин адилеттүү чечилиши үчүн өзүнүн полемисттик ой-пикирин аргументүү фактылар, курч стили менен далилдеп көрсөтө билүүсү аркылуу полемист-сынчы катары таанылган.

Бул главанын үчүнчү параграфы **«Кыргыз фольклорунун айрым урунттуу маселелери К.Артыкбаевдин сын макалаларында»** деп аталды. Окумуштуу 1973-жылы «Айтуучубу же жаратуучубу?» деп аталган макаласы менен кыргыз оозеки чыгармачылыгындагы актуалдуу дагы бир маселени көтөрүп чыгат. Буга чейин эпосторду жараткан ашкере чоң таланттуу манасчыларды да айтуучу деп мүнөздөп, алардын чыгармачылык кудуретинин бир тарабын гана эске алып, экинчи эпоско өзүнө гана тийиштүү табылгаларын кошкон, өздүк варианттарын жараткан маанилүү тарабын көмүскөдө калтырып, баалабай келе жатканбыз. Ал мындай оюн Сагымбай менен Саякбайдын жараткан варианттарын мисалга тартуу менен далилдеп, нечен кылымдар бою жазма адабиятынын бай традициясы болбой келген элдердин фольклорун жазма адабияты күчтүү өнүккөн элдердин фольклору менен бирдей кароо эч мүмкүн эмес экенине көңүлдү бурдурган да, жазма адабияты кеч пайда болгон кыргыз элинде эпостун өздүк вариантын жаратып, биринин айтканы экинчисине окшошпогон Сагынбай, Саякбай өңдүү автор-жаратуучулар болорлугун М.Ауэзовдун, В.М.Жирмунскийдин, М. Маргуландын көз караштарына таянуу менен өз оюн бекемдеген.

Ал тургай сынчы кенже эпостор менен тарыхый поэмаларга индивидуалдуу кошумчаларды кошуп, аларды жаңыча иштеп чыккан акындарга да өздүк варианттарын жаратуучулар катары кароо керек деген

пикири менен аларды «айтуучулар» гана деп келишкен көз караштарга каршы чыккан. Албетте, К.Артыкбаевдин мындай талаш туудуручу жаңыча көз карашына каршы келчү пикирлер да болбой коймок эмес. Маселен дагы бир таланттуу сынчы, адабиятчыбыз К.Бобулов Сагынбай менен Саякбайдын чоң манасчылар экендигин, алар варианттарына чоң салым кошуп, жаңы эпизоддорду жаратканын танбайт, бирок К.Артыкбаевдин оюна келгенде «өз элинин эпосун көкөлөтүп, башка элдердин кылымдар бою жараткан эпосун, жомокчуларын кемсинтип жатат» [«Фольклор жана социалисттик реализм» // Ала Тоо. -1974. -№5] деп, ошол учурдун саясий күнөөсүн тагууга аракенттенип, кийин да бул оюн тереңдеткен макаласын жарыялаган [«Дил ширетүү илими». //Советтик Кыргызстан. -1988. -22-янв.). К.Артыкбаев аларга да өзүнүн тийешелүү, ынанымдуу, аргументтүү фактылары менен жооп берген [«Ак жерден күйдүрүүгө каршы». //Советтик Кыргызстан. -1988. -13-март].

Профессор К.Асаналиев да [Маанилүү проблемаларды козгогондо. // Кыргызстан маданияты. -1975. -27-март] К.Артыкбаев көтөргөн маселени натуура деп эсептеген. К.Артыкбаев бул көз карашка да «Кыргыз фольклору тууралуу эмгек» [Кыргызстан маданияты. -1975-жылы. -29-май] жана «Необходимые уточнения» [Литературный Кыргызстан. -1976. -№3] аттуу макалаларында жооп жазган. К.Артыкбаевдин пикирлеринин тууралыгын, кийинки фактылар ырастайт. Маселен, Сагынбайдын эпосту айтууда тилинин өзгөчөлүгүн, көркөмдүүлүгүн изилдеген тилчи А.Биялиев «Улуу манасчы феномен С.Орозбаков» (1996), «Улуу манасчы С.Орозбаковдун дили жана көркөм тили» [КТР-Обо. -1998. -30-июнь], «Манас» эпосунун тили жана көркөм стили» [Улуу манасчы Сагымбай феномендин дили жана көркөм стили. -Б.: -2004] сыяктуу эмгектерин чыгарса, фольклорист С.Закиров да «К.Артыкбаевдин «Айтуучубу же жаратуучубу?» макаласындагы көтөрүлгөн маселелер жөнүндө» [К.Артыкбаев. -Б.: -2004. -182-183-б. деген китепте] деген макаласын жазып К.Артыкбаевдин позициясын толугу менен колдогон. Ал эми кытайлык кыргыз манасчы Жусуп Мамайдын эпосту өз колу менен жазып, 18 томдон турган, кийин криллицага көчүрүлүп, бириктирилген 112 басма табак көлөмүндөгү капиталдуу эмгекти жаратышы (2004) кыргыз фольклор илимине «жазгыч манасчы» деген уникалдуу аныктаманы киргизип, эпосту жаратуучу-авторлор да болорун толук далилдеди.

Ошентип, К.Артыкбаевдин 33 жыл мурун фольклор илиминде козгогон бул полемикасы да бүгүнкү күндө өз актуалдуулугун жоготпой, ар тараптан изилденип, толукталып практикага кирип жатат.

К.Артыкбаевдин адабият теориясынын актуалдуу проблемаларын көтөрүп чыккан полемист-сынчылык ишмердиги тууралуу иштин **«Кыргыз адабиятында реалисттик методдун жаралышы тууралуу талаш-тартыштар жана андагы К.Артыкбаевдин позициясы»** деп аталган 4-параграфында сөз болот.

Убагында кыргыз адабиятынын жаралуу, калыптануу процессине байланыштуу иликтөөлөр жүргүзүлүп, аларга байланыштуу ар кыл көз караштар, пикирлер айтылып келген. Өзгөчө 20-жылдардан 40-жылдарга чейинки чыгармалар фольклордук салттардын гана алкагында жазылган деген концепция өкүм сүрүп келген эле. Мындай пикирди К.Бобулов 1969-жылы чыгарган «Пути реализма в киргизской прозе» аттуу монографиясында бекемдеп, 40-жылдарга чейин жарык көргөн К.Жантөшевдин, М.Элебаевдин, А.Токомбаевдин, Т.Садыкбековдун, К.Баялиновдун чыгармаларында фольклордук стиль үстөмдүк кылыт деген оюн билдирсе, аны профессор М.Борбугулов колдоого алып «Фольклордук идеализациядан турмушту изилдөөгө карай» [Ала Тоо. -1969. -№1], «От идеализации к исследованию» [Дружба народов.- 1972. -№10] деген макалаларын жарыялаган.

К.Артыкбаев болсо алардын 40-жылдарга чейинки кыргыз адабиятынын жаралыш, калыптаныш процессинин бир тарабын көрүп, экинчи олуттуу өтө маанилүү, негизги өзгөчөлүгүн көмүскөдө калтырган, адабий процессти туура эмес мүнөздөгөн көз караштарына кошула албай 1972-жылы «Адабий сыныбыздын актуалдуу маселеси» [Кыргызстан маданияты. -1972. -23-март] макаласын, 1973-жылы анын маанисин тереңдетип «Адабият таануубуздун актуалдуу маселеси» [Ала Тоо. -1973.-№11] аттуу көлөмдүү макаласын жарыялаган. Анын жазма адабият жаралгандан тарта эле реалисттик планда өнүгө баштаган деген далилдүү ойлорун өздөрүнчө толуктап, колдоо иретинде адабиятчылар: Ш.Үмөталиев [«Маселенин методологиялык жактары». // Ала Тоо. -1974. -№1], К.Кудайбергенов [«Алгачкы реалисттик тажрыйбалар кандайча жаралды» //Ала Тоо. -1974. - №2], С.Жигитов («Талаштан козголгон ойлор» // Ала Тоо. -1975. -№1; “Көп канаттуу куш сыңары” [Текст] /С.Жигитов// Жаңычылдык жолунда: сын-мак.жый.-Ф.: -1975. -91-144-б.) макалаларын жарыялашкан. Оппонентинин жогорудагыдай далилдүү ойлору менен келише албай К.Бобулов «Фольклор жана социалисттик реализм» [Ала Тоо. -1974, -№5] макаласын жазса, кийин аны тереңдетип, «Адабият жана мезгил», «Фольклор жана адабият», «Жаңы тилке» аттуу китептерине киргизген.

К.Артыкбаевдин айрым пикири менен К.Асаналиев да келише албай, «Маанилүү проблемаларды козгогондо» [Кыргызстан маданияты. -1975. -27-март] аттуу макаласын жарыялап, бирок оппоненти анын полемика жаратуучулугун макалаларына мүнөздүү сапат катары баалоо менен бирге, ал өзүнүн концепциясын фактыларга таянуу менен далилдей алганын да белгилей кетет. Соңку мезгилдерде да К.Артыкбаев бул маселени утутта калтырбай, «XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы» аттуу окуу китебине жаңыча көз караштар, жаңыча ой-пикирлер менен толуктап өзүнчө бөлүм кылып киргизген.

Жыйынтыктап айтканда, К.Артыкбаевдин көтөргөн бул маселесинен кыргыз адабиятында реализимдин пайда болушу башка жактан көчүрүлүп келинбестен, өзүбүздүн улуттук кыртышыбыздан эле жаралганына ынандык.

Ал теориялык маселелерге кайрылганда да тажрыйбалуу сынчы катары көтөргөн аргументтүү фактылар аркылуу объективдүү чече алган жана кыргыз адабиятынын калыптануу, өнүгүү процессине мүнөздүү мыйзам ченемдерди терең изилдеп билген адабият тарыхчысы болгондугу менен кыргыз адабият таануусунда өз ордун тапты.

Изилдөөнүн экинчи главасы **«К.Артыкбаевдин публицисттик чеберчилиги»** деп аталып **«Сынчынын алгачкы публицистикалары»** деген биринчи параграфында төмөндөгүдөй маселелерге токтолдук.

Өз учурунда К.Артыкбаев күндөлүк коомдук саясий турмуштагы актуалдуу маселелерди көтөрө билген кужүрмөн публицист катары таанылган. Ал 1956-жылы КМУнун филология факультетин бүтүргөндөн кийин «Ленинчил жаш» газетасынын үгүт-насыят бөлүмүнүн башчысы болуп иштей баштаганда эле гезитин башкы редактору Ш.Бейшеналиев менен ошол кездеги бушайманга салып, көп ойлондуруп жүргөн улуттук маданий мурас маселеси тууралуу кеңири талкууну уюштурушкан. Улуттук маселеге байланышкан бул талкууну республикада кадыр-барктуу адамдардын пикири менен баштоону ылайык көрүшүп, акыры талкуу 1956-жылы 9-сентябрда «Элдик чыгармачылык мурастар эстен чыкпоо керек» деген А.Токомбаевдин макаласы менен ачылган. Андан ары талкуунун ийгиликтүү жүрүшү үчүн К.Артыкбаев жаштык жигерин, күч-кубатын жумшап, республикадагы көрүнүктүү инсандар: А.Малдыбаев, Г.Айтиев, М.Рыскулов, А.Боталиев, М.Жаркымбаев ж.б. менен маектешип, алардын ой-пикирлерин угуп, айткандарын ирээтке салып, толуктап, макала кылып жазып газетага жарыялап турган.

К.Артыкбаевдин уюштуруучулугунун, маселенин маңызын кылдат сезе билүүчүлүк шарапаты менен турмуш-тиричиликте такыр колдонулбай унутулуп бара жаткан элдик маданий мурастар кайра жанданып, улуттук кийимдер, боз үй жасалгалары, ат жабыктары, музыкалык аспаптар, оюм-чийимдер ж.б. атайы цехтерде жасалып, дүкөндөрдө сатыла баштаса, спорт оюндары кайрадан жанданып, турмушубузга аз-аздан кирип баштаган. Мына ушундай натыйжалуу иштен кынтык издеп, саясий күнөө тагуулар да болгон эле. Бул тууралсында «Ленинчил жаш» гезитинин ошол кездеги редактору Ш.Бейшеналиев ...эгер биз калың сагдыям альбом түзүп, талкуунун ар материалын чаптап, орусча аннотациялап жаштар гезиттеринин редакторлорунун Бүткүл Союздук жыйынында тааныштырбаса анда саясий чоң күнөө тагылып, катуу жазаланышмак болгонун «Арымдуу азамат» [Эркин Тоо. -1994. -2-нояб.] аттуу макаласында эскерген. Бул талкуудан кийин кыйла алгылыктуу иштер жасалганын К.Артыкбаев «Ленинчил жашта такшалгам» [Агым. -2006. 12-

дек.] аттуу эскерүү макаласында баяндаган. Андан кийин болчоктогу таанымал философ А.Табалдиев менен бирдикте бир нече публицистикалык макалаларды жарыкка чыгаруу менен бул жанырды да сапаттуу өнүктүрүүгө өз салымын кошуп келген. Экөө авторлошуп Улуу согушта эрдик көрсөткөн кыргыз жоокерлеринин баатырдыгы менен Панфиловчу 28 баатырдын легендарлуу эрдиктери жөнүндө бул темада алгачкы макалалар топтомун  жазышса, 1965-жылы чыккан «Баатырлар сымбаты» тарыхый көркөм публицистикалуу очерк жанрындагы туңгуч эмгектерден эле. Андагы эң кызыктуу жаңы фактыны- ДЗОТтун амбразурасын өз денеси менен биринчи болуп тосуп, акылга сыйбаган эрдик көрсөткөн Ч.Түлөбердиев жөнүндөгү маалыматты К.Артыкбаев менен А.Табалдиев биринчи болуп таап чыгышып, мындай баатырдыкты А.Матросов алгачкы болуп жасаган деген маалыматтын туура эмес экендигин далилдешип, ал тургай Союздук масыштабда көтөрүү аракетин да жасашкан. Бирок, ошол кездеги кырдаалга байланыштуу бул демилгени жарыя айтууга мүмкүн болгон эмес.

Коомдогу ар түрдүү саясий, маданий, экономикалык кырдаалга жараша учурдун актуалдуу маселелерин козгоо зарылдыгы пайда болуп, публицистика дайыма күжүрмөн жанр катары алдыга чыккан кезинде К.Артыкбаев «Сүт эмне үчүн азайды?» [Ленинчил жаш. -1958. -8-авг.], «Суусамыр маселелери» [Кыргызстан маданияты. -1970. -5-авг.] публицистикалык макалаларын жазып, карапайым элдин көйгөйлүү маселелерин чечүүдө жергиликтүү бийликтеги кызматчылар аларга кайдыгер мамиле кылуу менен эч жыйынтык чыгарбаганын далилдүү фактылар менен көтөрүп чыккан.

Жыйынтыктап айтканда, К.Артыкбаевдин алгачкы публицистикаларында өз учурундагы  актуалдуу проблемалар көтөрүлүп, алар жигердүү журналисттик публицистикалык стиль менен жазылып, коомчулуктун көңүлүн буруп, андай маселелердин жогору жактан ыкчам чечилишине, ошондой эле нукура публицистика жанрынын өнүгүшүнө өз салымын кошуп келген.

**Главанын «Мамлекеттик тилдин актуалдуу маселелери К.Артыкбаевдин публицистикаларында»** деп аталган 2-параграфында төмөнкү маселелер каралды.

К.Артыкбаев 80-90-жылдары, кийин Кыргызстан эгемендүүлүкө ээ болгон мезгилдерде заманбап зарыл маселелерди көтөрүүгө белсенип киришиптир. Мезгилдин талылуу проблемалардын бири болгон мамлекеттик тилге байланыштуу республикалык, шаардык ж.б. расмий чогулуштарда маселени курч коюп, бирок антүү менен чектелип калбастан үстөкө-босток илимий-публицистикалык макалаларды жазып, кээде таанымал адамдар кол койгон, коллективдүү макалаларды уюуштуруп жарыялап турган. Анын бул маселе боюнча жемиштүү иштешине 1989-

жылы 29-июнда кыргыз тилинин мамлекеттик тил статусун иштеп чыгуу боюнча атайын комиссиясынын курамына мүчө болуп кириши себеп болгон болгон.

Ошондогу ишмердигине байланыштуу жаралган «Мамлекеттик тилдин маселелери» (1999) деген аталыштагы китебиндеги макалаларды көтөргөн проблемалары боюнча төмөнкүчө бөлүштүрүп талдоого алуу максатка ылайык болду. Алар:

1.Кыргызды кыргыз кылуу маселеси.

2.Закондордун өкмөттүк токтомдордун иштебегени.

3.Орус тилине байланыштуу талаш-тартыштар.

1-маселедеги макалаларында биринчиден, кыргыз тили жана адабияты орто мектепти бүтүрүүчүлөрдөн баштап, жогорку окуу жайлардын бардык факультеттерине өтүүчүлөр үчүн кирүү экзаменинин бири катары кийрип, дил баян жаздыруу; экинчиден, окуу жайды бүтүп жаткандардан мамлекеттик сынак алуу менен аяктоо; үчүнчүдөн, мамлекетти башкара турган жетекчилик кызматка кыргыз тилинде сабаттуу жазып, сүйлөй билген гана кадрларды алуу маселелери камтылган.

Бул маселе боюнча алгач «Сөз менен эмес, иш менен» [Советтик Кыргызстан. -1990. -6-февр.] аттуу макаласын жарыялоо менен кыргызды кыргыз кылуу маселеси олутту мааниге ээ экенин дал ушул макаласында көтөрүп чыгат да, андан кийин "Кыргыз Республикасынын Президенти Аскар Акай уулуна үч сунуш" [Бишкек шамы. -1992. -27-февр.] деген макаласында «... президентин, премьер-министрдин, Жогорку Кеңештин, министирликтин аппараттарындагы кызматкерлерди тезинен эки тилде сабаттуу жаза билген, ишкер тажрыйбалуу адамдар менен алмаштыруу өтө зарыл. Ансыз иш кагаздары мамлекеттик тилде жүрбөйт»-деп президенттин жасаган ишинде олуттуу кемчиликтер кеткенин, анткени жогорку кызматта кыргыз тилин билбеген кызматкерлер иш алып барып жатканын тартынбай айтуу менен иш кагаздарын тезинен мамлекеттик тилге өткөрүүнү сунуштаган. Бул пикирин «Тилибиздин мамлекеттик тилдин деңгээлине кантип көтөрөбүз?» [Чүй баяны. -1993. -21-авг.] аттуу макаласында дагы тереңдетип, ар тараптан далилдер менен ынандырган. Мындай мазмундагы макалаларды өкмөт башында турган кызматкерлерге адрестеп, окумуштууларга кол койдуруп, «Тилин барктабаган мамлекет – мамлекет эмес» [Кыргыз Туусу. -1995. -29-июнь], «Мамлекеттик тилдин тамыры жоголобу, же адабиятты манкурт, окуучуну дудук кылуу менен тилибиздин өнүгүшүнүн токтотуунун амалы» [Республика. -1999. -13-18-окт.] деген публицистикаларын жарыялаган.

1990-жылдардын башында мамлекеттик тилди иш жүзүнө ашыруу максатта өкмөт көп эле закондорду, токтомдорду чыгарып, алардын аткарылышын көзөмөлгө алуу үчүн атайы туруктуу комиссиялар, уюмдар, өзүнчө саясий коомдор да түзүлгөн. Буга карабастан чечилбеген маселелер көбөйүп, күмөн ойлор пайда боло баштаган. Бул кемчиликти

байкаган, мамлекеттик тилдин өнүгүшү үчүн активдүү киришкендер макала жазып, тычысыздана баштаган. Ошондойлордун башында алгачкылардан болуп К.Артыкбаев туруп, мыйзамдарды, токтомдорду чыгарып, бирок көзөмөлгө алып, жыйынтык чыгарбаган, кайдыгер жетекчилерди сынга алган курч макалаларды үзбөй жарыялап турган. Андай макалаларынын бири «Тилибизди мамлекеттин деңгээлине кантип көтөрөбүз» [Чүй баяны. -1993, -21-авг.] деп аталып, анын маани-маңызы «Мамлекеттик тилби же үй тилиби?» аттуу макаласында [проф.С.Мусаев менен авторлош] тереңдетилген.

Илимпоз-публицист козгогон маселенин маанисин андан ары курчутуп, тыянак чыгаруу үчүн «Жансыз токтом, же мамлекеттик тилге каршы министр жөнүндө» [Республика. -1996. -15-окт.] аттуу макаласын президенттин наамына багыштап жазып, окумуштуу филологдорго [Н.Ишекеев, Л.Үкүбаева, С.Ибраимов, С.Мусаев] кол койдуруп жарыялады. Анда Билим берүү министрлиги аткарууга тийиш болгон мыйзамдар, токтомдор, алардыгы негизги талаптар соңку мезгилге чейин аткарылбай келгени, ага карата көрсөтмөлөрдү, буйруктарды берип коюп жүрө берген ошол кездеги билим, илим министринин кайдыгер мамилеси тууралуу аргументтүү фактылар келтирилсе, «Өкмөттүк токтомдор неге аткарылбайт?» [Республика. -1997. -1-7-апрель] деген макаласында президентке кайрылып, мамлекеттик тил боюнча өкмөттүк программалар менен иш чараларды жүзөгө ашыруу үчүн өкмөткө же президентке караштуу мамлекеттик комиссия же агенство түзүүнү сунуштаган. Бул талап эске алынып, президенттин 1998-жылы 20-январдагы №1-указы менен «Кыргыз Республикасынын президентине караштуу мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча улуттук комиссия» түзүлгөн.

К.Артыкбаев мамлекеттик тил менен катар орус тилин расмий тил катары киргизүүнүн зарылдыгы жок деген пикирин да орус тилинде жүргөн талаш-тартыштарда айтып келген.

1992-жылы Конституциянын долбоорун Жогорку Кеңеште сунуштап талкууланып жатканда кыргыз тилин мамлекеттик тил деп киргизип, ал эми орус тилине расмий тил статусун берүү керек дегендердин башында турган депутат Т.Усубалиев бул маселени көтөрүүдө өзүнүн активдүүлүгүн көрсөткөндө мындай абал мамлекеттик тилдин өнүгүүсүнө тоскоол болоруна алгачкылардан болуп К.Артыкбаев каршы чыгып М.Тойбаев менен бирдикте «Өзөктөн чыккан өрт жаман» [Кыргыз Туусу. -1993. -13-февр.] аттуу макаласын жазат да, анда Т.Усубалиевдин «Сквозь призму прошлого и настоящего» [Слово Кыргызстана. -1992. -31-дек.] деген макаласындагы кай бир калпыс ойлорун төгүндөшүп, анын мамлекет башкарган жылдарында кетирген олуттуу кемчиликтерин далилдер менен көрсөтүп, ачуу чындыкты айтып чыгышкан.

Мындай ачуу сынга карата Т.Усубалиев «Туман тарайт, турмуш чындыгы калат» [Кыргызстан маданияты. -1993. -8-15-апр. -29-апр.] деген

көлөмдүү жооп макаласын жарыялап, сын айткан авторлордун келтирген фактылары чындыкка дал келбесин далилдөөгө аракетин жумшаган. Т.Усубалиевдин жогорудагы макаласына карата К.Артыкбаев М.Тойбаев менен «Калпыс сөздө касиет болбойт» [Ак Бата. -1993. -22-май] аттуу макаласын жарыялап, анда Т.Усубалиев авторлордун ойлорун бурмалап, эл журттун алдында өзүн күнөөсү жок көрсөткүсү келгенин ашкерелеп, өздөрүнүн макаласында көтөрүлгөн маселелер накта чындык экенин дагы бир жолу аргументтеп далилдешкен.

Алардан кийин К.Бобуловдун [«Кыргыздын кыргыздан башка жоосу жок». // Кыргыз Туусу. -1993. -1-май], З.Кошоевдин [«Ак ийилет, сынбайт, же Т.Усубалиевдин карандай калпына биринчи жооп». // Асаба. -1993. -15-апр.] макалалары да К.Артыкбаевдин айткандарын ырастаган.

Тыянак чыкпаганы менен, өз учурунда актуалдуу маселер катары көтөрүлгөн К.Артыкбаевдин мамлекеттик тил жөнүндөгү макалалары бүгүнкү күнү да өз маанисин жогото электигин турмуш өзү ырастап жатат.

Аталган маселелер тууралуу публицист-сынчынын конкреттүү сунуштары жана алардын кай бирлери 2004-жылы кабыл алынган мамлекеттик тил жөнүндөгү мыйзамдан орун алгандыгы тууралуу **«Сынчынын публицистикасында көтөрүлгөн маселелердин 2004-жылы кабыл алынган мамдекеттик тил жөнүндөгү мыйзамдан орун алышы»** деген үчүнчү параграфта сөз болот. К.Артыкбаев козгогон маселелердин ичинен төмөнкүлөр: биринчиси, мамлекет башкарган кызматкерлер мамлекеттик тилде сабаттуу жазып, сүйлөп, иш алып баруусу; экинчиси, кыргыз тили бардык билим берүү тармактарында окутулуп, мамлекеттик экзамен берүү менен аяктоосу; үчүнчүсү, жогорку окуу жайга өтүүдө кирүү экаменинин бири катары кыргыз тили жана адабиятынан дил баян жазып, ал окуу жайды бүтүрүп жаткандар мамлекеттик экзамен берүүгө тийиштиги атайы статьялар менен берилген.

Мыйзамга мына ушундай керектүү толуктоолордун киргизилиши К.Артыкбаевдин эне тилинин келечеги жөнүндө талыкпай күйүп-бышкан ишмердигинин үзүрү эле.

1991-жылы СССР кулагандан кийин анын ордуна орной баштаган рынок экономикасы деген жапайы капиталисттик коомдогу чакчалекей турмушту көрүп туруп, К.Артыкбаев публицист-сынчы катары унчукпай коюшу мүмкүн эмес эле. **«Коомдук турмушубуздун азыркы жана келечектеги абалы жөнүндөгү публицистикаларынадагы талашсыз жана талаштуу ойлордун илимий негиздүүлүгү»** деп аталган төртүнчү параграфта К.Артыкбаевдин мына ушул багыттагы публицистикалары талдоого алынды.

«Бизге кайсы коом керек» [Чүй баяны. -1995. -8-16-сен. -23-сент. 14-окт.], «Депутат Т.Усубалиевди колдойм» [Кыргыз Туусу. -1996. -30-март], «Ачуу чындыкты ачык айталы» [Эркин Тоо. -1996. -26-апр.] ж.б. макалаларында социализмдин жакшы жактарын сактап калсак, мисалы

жарандардын акысыз дарылануусу, акысыз билим алуусу мамлекеттин эсебинен жүргүзүлсө, күндө керектелүүчү товарлар: кант, ун, тамеки, арак, бензин, өсүмдүк майлары, дары-дармек ж.б. мамлекеттин менчигине айланса, мунун эсебинен пособие, пенсия, айлык акылар, стипендия көбөйүп, элдин жошоосу жакшырмак деген оюн сунуштайт. Ушул маселелерди ал 1992-жылы «КР президенти Аскар Акай уулуна үч сунуш» аттуу макаласында көтөрүп чыккандыктан коомчулук колдоого алып, жаңы Конституцияда эске алынып, акысыз окуп билим алуу 32-статьянын 2-пунктунан, акысыз дарылануу 34-статьянын 1-пунктунан орун алса да, билим берүү сестемасы менен саламаттык сактоо мекемелеринде бара-бара «контракт», «келишим түзүү» жолу менен, акы алып окутуп, акы алып дарылоого өтүп, баш мыйзам бузулуп жаткан фактыларга К.Артыкбаев өзү күбө болгондуктан ал учурдагы Конституциялык соттун төрайымы Ч.Баековага жазган «Капчыгы бөксөнүн кайгысы» [Кыргыз Туусу. -1997. -7-апр.] аттуу макала катында ачык жазылган. Ошондой эле саламаттык сактоо, билим берүү тармагындагы акысыз дарылануу, акысыз окуу укугу ар бир министрлик тарабынан одоно бузулуп жатканы ачык жазылып, Конституцияга кайчы келе турган иш аракеттер жасалып жатканын, ал эми мыйзамды бузуп жаткандарга чара колдонуу үчүн төмөндөгүдөй сунуштарды айткан. Маселен, мамлекеттик саламаттык сактоо жана билим берүү тармактарындагы акы төлөнүү фактыларын текшерип, анын мыйзамдуулугун аныктоо. Экинчи, конституциянын мыйзамдарын бузгандарды конкреттүү атап, тийешелүү жазаларын берүү менен тартипке чакыруу, бирок, көтөрүлгөн маселе олуттуу экенине карабастан эч кандай реакция, жооп болгон эмес.

Кийин К.Артыкбаев бул маселелер боюнча, мазмунун тереңдетип, курчутуп жазган «Элге кайсы коом керек: капитализмби, социализмби же үчүнчү бир жаңы коомбу» [Чүй баяны. -1995. -8-16-сен. -23-сен, 7-14-окт.] аттуу макаласында, биринчи, элге зарыл маселелердин баарын жеке менчикке өткөрбөстөн, коллективдүү, жалпы элдик, мамлекеттик менчикти сактап калуу; экинчи, Конституцияда кабыл алынган акысыз билим алуу менен акысыз дарылануунү күнүмдүк турмушубузга сөзсүз киргизүү; үчүнчү, айлык акы, пенсия, стипендия, пособие ж.б. байланыштуу маселелерди чечип, карапайым калктын жашоосун жакшыртуу үчүн мамлекеттик казынага киреше түшүрүүчү кант, май өсүмдүктөрүн, спирт ичимдиктерин, тамеки, чай, дары-дармектердин, бензиндин мамлекеттин монополиясына айландыруу. Ошону менен бирге социализмдеги боордоштук, теңчилик, эмгек, тынчтык, адилет, эркиндик идеялары азыр жокко эсе болуп, эл бай-кедей болуп эки топко бөлүнгөнүн, баш аламандык өкүм сүрүп, Конституциянын одоно бузулуп жатканына коңгуроо кагуу учурга зарыл улуттук идеология керек экендигине жалпы коомчулуктун көңүлүн бурган.

«Ачуу чындыкты ачык айталы» аттуу макаласында да 1992-жылы 16-декабрда кабыл алынган «Билим берүү жөнүндөгү» КРнын мыйзамынын кай бир статьяларына каршы пикирин билдирген. Маселен, мыйзамдагы 3-статьянын 2-абзацында акы алып билим берүү иши ачык эле мыйзамдалганын баса белгилөө менен бул абзацты биротоло алып салууну сунуштаган. 16- статья билим берүүнүн үч тепкичи: башталгыч, негизги, орто билим берүү каралып, натыйжада 9-10-класста бүткөн окуучулар окубай, ишсиз да калып жаткан фактылар кездешкендиктен, аны түп тамырынан бери өзгөртүү керектигин сунуштап ал эми, 19-статьядагы «бакалавр», «магистр» системасына өтүүгө түздөн-түз каршы чыгып, аны батыштын билим берүү сестемасынын көчүрүндүсү катары эсептейт.

Чынында жогорку окуу жайларында көп баскычтуу болгон система киргизилип, окутулуп келингени менен ал өзүн актабай кайра мурунку беш жылдык окуу сестемасына өткөндөр болгонун К.Артыкбаев аргументтүү фактылар менен далилдеген. Ошондой эле бул окуу системасы математика, физика, медициналык, айыл чарба илимдерине ылайык келээрин, ал эми кеңири ой жүгүртүүгө муктаж гуманитардык илимдерге туура келбесин далилидеп көрсөткөн. Кийин К.Артыкбаев бул ой-пикирлерин «Бизге кайсы коом керек», «Чечкиндүү аракет керек», «Т.Усубалиевди колдойм» ж.б. макалаларында тереңдетти.

Азыр К.Артыкбаев козгогон маселелер эске алынбай жатканы менен келечекте алар сөзсүз козголоору күмөн туудурбайт.

К.Артыкбаев сыяктуу актуалдуу маселелерди өз учурунда көтөрүп, эл үчүн кам көрүү, өкмөт башчыларына тартынбай сын айтуу, сунуш киргизүү бардык эле публицисттин колунан келе бербесе керек. Анын бир мисалы катары төмөндөгү маселени келтирсек болот. 1996-жылы 13-мартта КРнын өкмөтүнүн паспорттогу «улуту» деген графаны алып салуу жөнүндө токтомуна ошол кездеги премьер-министр А.Жумагулов кол коюп, ал массалык маалымат каражаттары аркылуу коомчулукка тараган. Мындай токтомдун туура эместигин аргументтүү далилдеп, К.Артыкбаев «Кыргыз улуттук белгисин жоготобу?» [Кыргыз Туусу. -1996. -30-март] деген макала жазган. Аны көптөгөн коомдук уюмдар, жазуучулар союзу, Кыргызстан калкы Асамблеясы колдоп чыгышып, А.Жумагулов ал Токтомду жокко чыгарууга аргасыз болгон.

Ишибизде биз К.Артыкбаевдин адабий сынчылык чеберчилигин талдоого алуу менен анын чыгармачылыгындагы эки багытын өзгөчөлүгүн ачып берүүгө аракеттендик. Биринчиси кыргыз адабиятын тээ байыртадан баштоо керектигин, Ж.Баласагын, М.Кашкарлардын орто кылымдагы кыргыз адабиятынын өкүлдөрү экенин, «Манас» эпосун айтып да, индивидуалдуу табылгаларын кошуп жараткан авторлор да болоорун, реализм жана социалисттик реализм метод биздин улуттук адабиятыбыздын кыртышынан эле жаралгандыгын далилдеп бере алган полемист-сынчылык чыгармачылыгы болсо, экинчиси, коомдогу болуп

жаткан көйгөйлүү маселелерди өз учурунда чапчаң көтөрүп, чыккан күжүрмөн публицист болгону талдоого алынды.

Ишибиздин жыйынтыгында төмөндүгүдөй **корутундуга** токтолдук.

1. К.Артыкбаев адабий сынга алгач кадам шилтегенде А.Осмоновдун поэзиясындагы салт жана жаңычылдык маселелерин иликтеп, адабият таануу менен сынындагы “башы ачыла элек” маселелерди козгоп, акындын поэзиясын изилдөөгө чыйыр салгандардын бири экенин илимий негизде тактадык.

2. Көркөм адабиятта турмуш көрүнүштөрү бурмаланып, советтик делген мезгилге, чындыкка дал келбеген, идеясыз чыгармаларды К.Артыкбаев өз учурунда сындап, аларды талкулоодо республикалык деңгээлге чейин жетишине салым кошкондугунун натыйжасында улуттук адабият таануунун эң орчундуу маселелери талкууланып, өзүнүн баасын алган.

3. Орток адабий мурас маселесине байланышкан талаш-тартышты пайда кылган К.Артыкбаевдин сын макаласынын актуалдуулугун, тууралыгын талдоо аркылуу көз караштардын объективдүү экенин анын оппоненттеринин, позициясын жактаган окумуштуулардын ой-пикирлери аркылуу далилдедик.

4. Айтуучу-манасчы, жаратуучу-манасчы, жазгыч-манасчы ж.б.у.с. көтөрүп чыккан маселелеринин өзөгү олуттуу, мааниси терең экендиги такталды.

5. К.Артыкбаевдин реализм методунун кыргыз адабиятында кантип, кандайча жаралганын далилдөөдөгү аргументтерине иликтөөлөр жүргүзүлүп, улуттук адабияттын генезисинин түп тамыры анын улуттук кыртышында экени далилдүү анализдер аркылуу аныкталды.

6. К.Артыкбаевдин аргументүү сынчыл көз караштары, ойлору жалаң эле адабий чыгармалар тууралуу айтылбастан, коомдук турмуштагы эң актуалдуу, көйгөйлүү маселелерди козгогонуна иликтөөлөр жүргүзүлдү.

7. Мамлекеттик тил жөнүндөгү макалаларында көтөрүлгөн маселелердин башкы мааниси - 80-жылдардан тартып 2000-жылдарга чейин К.Артыкбаев тарабынан көтөрүлгөн кыргыз тилинин баркын жогорку деңгээлге жеткирүү, тилге болгон муктаждыкты өстүрүү концепциясы бүгүн да актуалдуу экенин белгилөө.

8. Актуалдуу маселелерди козгоп, эл үчүн кам көрүү, жогорку кызматтагыларга тартынбай сын айтуу, сунуш киргизүү К.Артыкбаевдин публицистик бейнесине таандык негизги сапат.

**Диссертациялык иштин темасы боюнча жарык көргөн макалалар:** 1. Устабаева Г. К.Артыкбаев-публицист-сынчы [Текст] / Г.Устабаева // Эл агартуу. – 2001. - №11-12. -35-42-б.

2. Устабаева Г. Элге керектүү маселелер / Китепте: Элдик маданий мурастар (1956-1957-жылдары “Ленинчил жаш” гезитине жарыяланган элдик маданий мурастар тууралуу талкуунун материалдары). Түзүүчү Г.Устабаева. [Текст] / Г.Устабаева .– Бишкек: “Бийиктик”, 2003. – 111-б.

3. Устабаева Г. К.Артыкбаев жана мамлекеттик тил маселелери жөнүндөгү ойлору [Текст] / Г.Устабаева // Ж.Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. Серия 1. – 2004. - Чыг.4. -133-135-б.

4. Устабаева Г. К.Артыкбаев менен А.Табалдиевдин чыгармачылык байланышы [Текст] / Г.Устабаева // Ж.Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. Серия 1. – 2004. - Чыг.4. -135-137-б.

5. Устабаева Г. К.Артыкбаев жана мамлекеттик тил маселелери [Текст] / Г.Устабаева // Ж.Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. Серия 6. – 2006. - Чыг.4. - 146-152-б.

6. Устабаева Г. К.Артыкбаевдин алгачкы сын макалаларындагы урунттуу маселелер [Текст] / Г.Устабаева // Ж.Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. Серия 1. – 2007. - Чыг.5. - 151-154-б.

7. Устабаева Г. К.Артыкбаевдин макалаларында реализм маселесинин козголушу [Текст] / Г.Устабаева // Кыргыз тили жана адабияты. – 2011. - № 20. - 73-178-б.

8. Устабаева Г. К.Артыкбаевдин мамлекеттик тилге байланышкан мыйзамдардын, өмөттүк токтомдордун абалы жөнүндө ойлору [Текст] / Г.Устабаева // БГУ жарчысы. – 2011. - №2 (19). - 355-357-б.

**Устабаева Гулнар Карыпбековнанын "К.Артыкбаевдин адабий-сынчылык чеберчилиги"** деген темадагы 10.01.01.–кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишинин


**РЕЗЮМЕСИ**

**Түйүндүү сөздөр:** адабий сын, полемика, проблема, эпос, фольклор, реализм, адабият тарыхы, салт жана жаңычылдык проблемалары, публицистика, маданий мурас, айтуучулук өнөр.

**Изилдөөнүн объектиси.** К.Артыкбаевдин кыргыз поэзиясындагы салт-жаңычылдык маселелери, турмуш чындыгын натуралистик сүрөттөгөн аңгемелер, кыргыз адабиятында реализм методунун пайда болушу, кыргыз адабиятынын тарыхын байыркы мезгилден баштоо керектиги, кыргыз оозеки чыгармачылыгынын өзгөчөлүгү тууралуу өткөн кылымдын 50-жылдарынын экинчи жарымынан баштап, өмүрүнүн акырына чейин (2009) жазып келген полемикалуу адабий сын макалалары жана коомдук турмуштун көгөйлүү маселелерин өз убагында көтөрүп, коомчулуктун көңүлүн өзүнө бурган, көп маселелердин оң чечилишине жетишкен курч публицистикалык адабий макалалары алынды.

**Изилдөөнүн максаты.** Окумуштуунун полемикалуу сын макалалары менен коомдук олуттуу маселелерди көтөргөн публицистикаларын талдоого алып, анын адабият илими жана сыны менен журналистикасынын өнүгүшүнө кошкон салымын ачып көрсөтүү.

**Изилдөө методдору.** Адабий-теориялык, тарыхый-типологиялык, тарыхый-салыштырма методдор.

**Изилдөөнүн жаңычылыгы жана алынган жыйынтыктар.** К.Артыкбаевдин полемикалуу адабий сын макалаларында көтөрүлгөн актуалдуу адабий проблемалардын канчалык деңгээлде туура чечилгендиги жана анын коомдук турмуштун көптөгөн көгөйлүү маселелерин өз мезгилинде чечкиндүү көтөрүп, коомчулуктун көңүлүн бурган, коомдук аң-сезимдин өсүшүнө таасирин тийгизген публицистикалык макалаларынын жаңычылдыгы алгачкы ирет системага салынып, изилдөөгө алынгандыгы –диссертациянын жаңылыгы.

Изилдөөнүн негизинде К.Артыкбаев полемист-сынчы катары адабиятыбыздын актуалдуу маселелерин козгоп, талаш-тартыштарды жаратуу менен алардын такталышына, жандуу адабий процесстин туура нукка түшүүнө омоктуу салымын кошкон чебер сынчы жана социалдык- маданий көйгөйлүү маселелерди өз учурунда көтөрүп, алардын оң чечилишине жетишкен күжүрмөн публицист болгондугу далилденди.

**Колдонуу боюнча сунуштар.** Диссертациялык эмгек кыргыз адабият илими менен сынынын жана публицистикасынын тарыхын, проф. К.Артыкбаевдин адабий-сынчылык ишмердигин изилдеп үйрөнүүчүлөргө жардам бере алат. Ошондой эле ушул багыттар боюнча окуу куралдарын жазууда жана окуу программаларын түзүүдө методологиялык көмөк көрсөтөт.

**Колдонуу чөйрөсү.** Диссертациянын материалдарын кыргыз адабий сыны менен публицистикасынын тарыхы жана профессор К.Артыкбаевдин чыгармачылык жолу боюнча өтүлүүчү лекцияларда жана адистик курстар менен атайын семинарларда колдонууга болот.

## РЕЗЮМЕ

Диссертационной работы **Устабаевой Гүлнар Карыпбековны ”Литературно- критическое мастерство К.Артыкбаева”**, представленной на соискание учёной степени кандидата филологических наук по специальности 10.01.01-кыргызкая литература

**Ключевые слова:** литературная критика, поэзия, эпос, фольклор, реализм, история литературы, проблемы традиции и новаторства, публицистика, культурное наследие, сказительское искусство.

**Объект исследования.** Полемические литературно-критические статьи К.Артыкбаева о проблемах традиции и новаторства в кыргызской поэзии, о рассказах, натуралистически изображающих правду жизни, о возникновении реалистического метода в кыргызской литературе, об истории кыргызской литературы с древнейших времен, об особенности кыргызского устного народного творчества, а также острополемические публицистические статьи о насушных, актуальных проблемах общественной, социально-политической и экономико-культурной жизни современности, написанные со второй половины прошлого века и до конца своей жизни (2009).

**Цель исследования.** Анализ полемических литературно критических статей по истории и теории кыргызской литературы острополемических публицистических статей и доказать заслугу К.Артыкбаева – критика и публицистика в развитии кыргызской литературной критики и публицистики.

**Методы исследования.** Литературоведческий, историко-сравнительный, историко-типологический.

**Научная новизна исследования и полученные результаты.** Новизна диссертации в том что здесь впервые представлен целостном системном виде вклад проф. К.Артыкбаева в развитии кыргызской литературно-критической мысли и публицистики; в решении насущных проблем литературной, общественно-политической и культурной жизни своего народа.

В результате исследования доказаны его оперативность и мастерство как литературного критика-полемиста, так и боевого публициста-журналиста.

**Рекомендации по использованию.** Материалы диссертации могут быть изпользованы в изучении и исследовании истории кыргызской литературной критики и публицистики, а также творческого пути и литературно-критической деятельности проф. К.Артыкбаева.

**Область применения.** Результаты диссертации могут применяться в преподавании истории кыргызской литературной критики и публицистики, спецкурсов и спецсеминаров по творчеству К.Артыкбаева.



## RESUME

**Abstract of Ustabaeva Gulnar Karypbekovna on Dissertation Research "Literary-critical skill of K.Artykbaev" presented for the degree of candidate of philological sciences, specialty 10.01.01-kyrgyz literature**

**Keywords**: literary criticism, poetry, epic, folklore, realism, history of literature, problem of tradition and innovation, journalism, cultural heritage, state language

**The object of research.** polemical literary critiques articles of K.Artykbaev about problems of tradition and innovation in the Kyrgyz poetry, about stories, depicting naturalistic truth of life, origin of the realistic method in Kyrgyz literature, history of Kyrgyz literature since ancient times, peculiarities of kyrgyz folklore, and also journalistic articles about urgent polemical actual problems, socio-political, economic and cultural life of our time, written in the second half of the last century to the end of his life (2009).

**The purpose of the study.** analysis of the polemical literature of critical articles on the history and theory of Kyrgyz literature polemical publications prove service of K. Artykbaev – criticism and journalism in the development of the Kyrgyz literary critique and journalism.

**Research methods**. literary, historical, comparative, historical and typological.

**The scientific novelty of the research and obtained results**. novelty of the dissertation is that there is first presented as a contribution to the integrity of system prof. K.Artykbaev to the development of the Kyrgyz literary-critical thought and journalism, in the solution of problems of the literary, social, political and cultural life of its people. The research proved his efficiency and skill as a literary critic, polemicist and journalist heroic journalist.

**Usage recommendations.** Thesis materials can be used in the process of study and research of Kyrgyz literature criticism and publicism as well as creative path and literary-critic activity of professor. K. Artykbaev.

**Field of use.** Thesis results can be used in teaching the history of Kyrgyz literature criticism and publicism, special courses and workshops devoted to professor K.Artykbaev's work.

Компьютердик калыпка салган: Ж. Мамбетова
Форматы 60х84 1/16.Офсет кагазы.
Кµлµм‰ 1,75 басма табак. Нускасы 100 даана.

---

КУУнун «Университет» басмаканасында басылды
Бишкек ш., Манас просп. 101,
тел.: (+996 312) 32 31 91; 32 31 75